**Мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндөгү**
**Кыргыз Республикасынын мыйзамдардын сакталышына**
**мониторинг жүргүзүү боюнча**
**эскертме***

**1. Мамлекеттик орган жөнүндө жалпы маалымат****

- жалпы штаттык саны, анын ичинде:

мамлекеттик органдын борбордук аппаратынын;

ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн;

(КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 (маморгандар); 2007-жылдын 18-октябрындагы № 472 (РМА); 2011-жылдын 5-августундагы № 451 (ЖӨБ органдары); 2017-жылдын 4-майындагы № 253 (ТТП жана КТП) токтомдору; КР Премьер-министринин 2012-жылдын 30-августундагы № 631 (КР Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты)

**2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдагы бош кызмат ордун ээлөөгө конкурстук тандоонун абалы:**

- административдик мамлекеттик бош кызмат орундарын ээлөө боюнча конкурстук комиссиялардын чечимдеринин протоколдору***;
- бош кызмат орундарынын болушу;
- штаттык ырааттаманы бекитүү жөнүндө буйрук, кызмат орундарынын пайыздык салыштырмалуулугу;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому)

**3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген административдик мамлекеттик кызмат орундарынын топторуна квалификациялык талаптарга карата кызматчылардын ылайык келүүсү:**

- мамлекеттик органдын борбордун аппаратынын, ведомстволук бөлүмчөлөрүнүн сапаттуу курамы;
- кызмат орундарына квалификациялык талаптар (мурунку жана азыр бекитилген);
- мамлекеттик кызматчылардын өздүк көктөмөлөрү жана эмгек китепчелери****, алардын саны жагынан ылайык келүүсү;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому; КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 496 токтому)

**4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдын кадрлар резерви менен иштин абалы:**

- ички кадрлар резервине киргизүү жөнүндө буйруктар, мамлекеттик органдын ички кадрлар резервинин сапаттуу курамы (анын ичинде ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө);
- ички кадрлар резервинен алып салуу жөнүндө буйруктар;
- ички кадрлар резервинде турган мамлекеттик кызматчылардын жалпы саны жөнүндө маалымат (анын ичинде ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө);
- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларынын окутууга муктаждыктарын аныктоо боюнча маалымат, ошондой эле аларды орто мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк окутууга жөнөтүү жөнүндө буйруктардын болушу;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому)

**5. Мамлекеттик жарандык кызматчыларды өнүктүрүү боюнча иштин абалы:**

- мамлекеттик кызматчылардын окууга болгон муктаждыктары жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына (мындан ары - МКК) жөнөтүү жөнүндө материалдар;
- мамлекеттик кызматчыларды жалпы жана ведомстволук багыт боюнча окутуунун бекитилген жылдык программасынын болушу;
- мыйзамдарга ылайык, мамлекеттик кызматчыларды 3 жылда бир жолудан кем эмес окутуу жөнүндө маалымат;
- мамлекеттик кызматчыларды кыска мөөнөттүк, орто мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк окутууга жөнөтүү жөнүндө буйруктардын болушу;
- мамлекеттик кызматчыларды жалпы багыт боюнча окутуу жөнүндө маалыматты же/жана окутууга чакыруу каттарды донорлордон алгандан кийин аларды беш жумушчу күндөн кечиктирбестен МККга жөнөтүү жөнүндө документтер;
- донорлордун каражаттарынын эсебинен окутулган мамлекеттик кызматчылардын маалыматтык базасынын болушу;
- жарым жылдыктардын жыйынтыктары боюнча донорлордун эсебинен окутулган кызматчылар жөнүндө отчетту жөнөтүү;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы,; КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому)

**6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык кызматчыларга класстык чендерди ыйгаруу боюнча мамлекеттик органдын ишин уюштуруу:**

- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруу жөнүндө маалымат;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы № 308 Жарлыгы)

**7. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык аткаруучу тартиптин жана эмгек тартибинин абалы, кызматчыларды сыйлоо жана жаза колдонуу чараларынын болушу**

- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын сыйлоо жөнүндө буйруктардын болушу;
- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларына жаза колдонуу жөнүндө буйруктардын болушу;
- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын сыйлоо же аларга карата жаза колдонуу үчүн негиз болгон башка материалдар;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 706 токтому)

**8. Мамлекеттик органда кызматчылар тарабынан этика нормаларын сактоо**

- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн этика боюнча комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө буйруктардын болушу;

- ведомстволук этика кодексинин болушу;

- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн этика боюнча комиссиясынын иш планы;

- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн этика боюнча комиссиясынын отурумдарынын жалпы саны жөнүндө маалымат;

- борбордук аппаратта, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө кабыл алынган иш-чаралар жөнүндө маалымат;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын Этика кодекси)

**9. Кызматчылардын ишин баалоо боюнча иштин абалы:**

- кызматчынын ишин баалоо боюнча комиссиянын курамы жөнүндө буйрук;
- апелляциялык комиссиянын курамы жөнүндө буйрук;
- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн түздөн-түз жетекчисинин баасына макул болбогондугуна байланыштуу кайрылуулардын болушу;
- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларынын кайрылууларын кароонун натыйжалары боюнча материалдар

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 токтому)

**10. Мамлекеттик жарандык кызматтан жана муниципалдык кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган адамдар жөнүндө маалыматтын болушу, кызматчылар тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу:**

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына жиберилген борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын терс негиздер боюнча бошотуу жөнүндө билдирүүлөр;
- борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн мамлекеттик кызматчылары тарабынан мамлекетке материалдык зыян келтирилген фактылар.

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы № 674 токтому; КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-декабрындагы № 714 токтому)

**11. Жарандардын кайрылуулары менен иштөө жана кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү боюнча мамлекеттик органдын иши:**

- "Ишеним телефонунун", коомдук кабылдамасынын болушу, мамлекеттик органдын борбордук аппаратынын, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилиги тарабынан жарандарды кабыл алуу графигинин болушу;
- отчеттук мезгилдин ичинде борбордук аппаратка, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүнө түшкөн жарандардын кайрылууларынын жалпы саны (канча кайрылууга оң жооп берилди, канча кайрылуу башка жактарга кайра жөнөтүлдү, канча кайрылуу мааниси боюнча каралды, кайсы маселелер боюнча кайрылышты, канча кайрылуу мөөнөтү өтүп каралды);
- борбордук аппаратта, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө электрондук кайрылууларды каттоо журналынын болушу;

(Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамы, КР Өкмөтүнүн Регламенти, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы № 674 токтому)

**12. Персоналды башкаруу кызматынын абалы:**

- борбордук аппаратта, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө өздүк көктөмөлөрдү, эмгек китепчелерин сактоо үчүн сейфтин болушу;

- борбордук аппаратта, ведомстволук жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө архивдин болушу;

(Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы, МККнын 2017-жылдын 17-октябрындагы № 92 буйругу)

**13. Кызматчыларга, ошондой эле алардын жакын туугандарына таандык кирешелерди, чыгымдарды, мүлктү жана милдеттенмелерди декларациялоонун абалы.**

(функция Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына өткөрүлүп берилди)

Эскертүү:
* Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдары
** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы
*** Административдик муниципалдык кызмат орундары
**** Муниципалдык кызматчылар
***** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жумушчу комиссия тарабынан башка маселелер иликтениши мүмкүн, ошондой эле башка керектүү документтер талап кылынышы мүмкүн.

**Документтерди көрсөтүү**

1. Мамлекеттик органдын иш Регламенти
2. Иш номенклатурасы
3. Мамлекеттик органдын штаттык ырааттамасы, башкаруу системасы, түзүмү (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бекитилген Мамлекеттик орган жөнүндө жобого ылайык)
4. Кызмат орундарынын номенклатурасы (эгерде болсо)
5. Мониторинг жүргүзүү күнүнө карата бош кызмат орундары жөнүндө маалымат
6. Мамлекеттик кызмат орундарына квалификациялык талаптар
7. Класстык чендерди ыйгаруу жөнүндө маалымат
8. Буйруктардын китеби
9. Жеке курам боюнча буйруктар (анын ичинде иш сапар, өргүү боюнча)
10. Мамлекеттик кызматчылардын өздүк көктөмөлөрү
11. Эмгек китепчелер
12. Конкурстук комиссияны түзүү жөнүндө буйрук
13. Конкурстук комиссиянын протоколдору, конкурсанттардын өздүк көктөмөлөрү, конкурс жөнүндө кулактандыруу
14. Ички резервде турган мамлекеттик кызматчылардын (жарандардын) тизмеси жана алар тууралуу буйрук
15. Мамлекеттик органдын мамлекеттик кызматчыларынын сапаттык курамы
16. Кесиптик өнүгүү, Мамлекеттик тапшырык боюнча окутуу, мамлекеттик кызматчыларды окутуу курстары боюнча муктаждыктарды аныктоо боюнча маалымат
17. Мамлекеттик органдын мамлекеттик кызматчыларынын ишин баалоо боюнча комиссия жөнүндө буйрук
18. Апелляциялык комиссия жөнүндө буйрук
19. Этика боюнча комиссияны түзүү жөнүндө буйрук
20. Этика боюнча комиссиянын протоколдору. Этика боюнча комиссиянын иш планы

21. Тартиктик комиссияны түзүү жөнүндө буйрук

22. Кызматтык териштирүүнүн материалдары, жарандардын кайрылуулары жөнүндө маалымат

23. Мамлекеттик кызмат стажын эсептөө боюнча комиссияны түзүү жөнүндө буйрук

24. Мамлекеттик кызмат стажын эсептөө боюнча комиссиянын протоколдору

25. Мамлекеттик кызматчылардын кирешелерин жана чыгымдарын декларациялоо жөнүндө маалымат

26. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик кызматчыларды сыйлоо жана жаза колдонуу жөнүндө маалымат

27. Мамлекеттик жарандык кызматтан жана муниципалдык кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган адамдар жөнүндө маалымат, кызматчылар тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу